**Айтиева Гүлбурак Аскарбековнанын**

"Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду (Кыргызстандын түштүгүнүн материалынын негизинде)" аттуу илимдин кандидаттык диссертациясынын, адистиги: 07.00.07 - Этнография, этнология и антропология кол жазмасына илимий жетекчинин

**ПИКИРИ**

Диссертациялык иш кыргыз этнография илиминин ургаалдуу маселелеринин бир багытына арналган. Диссертациялык иште бүгүнкү күндөгү Кыргызстандын түштүгүндө жашаган калктын зыярат жасоочу жайларга болгон мамилесин, адамдардын аң-сезимдериндеги ыйык жайлар катары эсептелген жайлардын (тарыхый-этнографиялык обьектилердин) диний-философиялык түшүнүктөрдөгү жана табынуунун күндөлүк жашоо турмушундагы ээлеген орду изилденет.

Кыргызстандын түштүк аймагында жайгашкан ыйык жайларды тарыхый-этнографиялык өңүттөн классификацияланган. Фергана өрөөнүндө жана ага чектеш жайгашкан чөлкөмдөрдөгү зыярат жасоочу жайлардын тарыхый-этнографиялык жана археологиялык эстеликтер катары илимий маанилери ачып берилген.

Ыйык жайларга зыярат жасоонун жана табынуунун келип чыгышын, "чоң зыярат" жана "кичи зыярат" түшүнүктөрү ырааттуу чечмеленген. Ошондой эле, салттуу ислам жана табынуучу жайлардын ортосундагы жалпылыктар менен карама-каршылыктары ачылып берилген. Республикадагы диний дискурстун маселелерин жана өзгөчөлүктөрүн мазарлардын негизинде этно-теологиялык жактан талданган. Диссертант тарабынан адамдар сыйынган табынуучу ыйык жер, мазарлардын Совет бийлигинин доорунда жүргүзүлгөн атеисттик саясатынын соңунан кийинки абалына баа берилген.

Олуя (көзү ачык), ыйык деп кабыл алынган адамдардын бейиттерине, жаратылыш обьектилерине сыйынуу жана зыярат жасоо жүрүмүндө аткарылган каада-салттар жана жөрөлгөлөр изилдөөгө алынган, бүбү-бакшылар жетектеген аялдар катышкан жөрөлгөлөр жана алардын өзгөчүлүктөрүн ачып берилген. Зыярат жасоочу жайлардын адамдардын диний кабылдоосунда жана ритуалдык практикадагы ролу илимий негиздүү ачылып берилген.

Диссертант тарабынан тарыхый-этнографиялык, археологиялык өңүттөгү тарых-таржымалдар жазылып, жаңы маалыматтар илимий айлампага киргизилген. Мындан сырткары, ыйык жайларга, мазарларга табынуулардын зыярат феномени иликтенип, илимий маселелер комплекстүү планда каралган. Автор тарабынан жыйналган талаа материалдарынын негизинде стационардык багытта тандалып алынган тарыхый обьектилерде комплекстүү тарыхый-этнографиялык иликтөөлөр жүргүзүлгөн, ар кыл жаштагы, жыныстагы информаторлордон зарыл болгон тарыхый-этнографиялык маалыматтар сурамжыланган, кагаз бетине түшүрүлгөн.

Жалпысынан, Айтиева Гулбурак Аскарбековнанын диссертациялык илимий негиздүү денгээлде жазылган жана ачык коргоого сунуш этилет.

Илимий жетекчиси: профессор, т.и.д., О.К.Каратаев

22.04.2024, Бишкек.

Scanned with ACE Scanner